УДК: 371. (81-13)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-742-750

**Осмонова А.С.**
ага окутуучу
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.
osmonovaaigul84@gmail.com
**Каразакова З.Ж.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.
zuvajdakarazakova@oshsu.kg
**Закирова Б.А.**
ага окутуучу
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.
bzakirova@oshsu.kg

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ДЕҢГЭЭЛДИК-ТУТУМДУК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮДӨ УГУП ТҮШҮНҮҮ МАТЕРИАЛДАРЫ МЕНЕН ИШТӨӨНҮН ЫКМАЛАРЫ (В2 деңгээлинде)

**Аннотация:** Угуп түшүнүүдө тексттин мазмуну угуучуга бейтааныш эмес, жарым-жартылай тааныш болуш керек. Анткени угуу процессинде текст тил үйрөтүүнүн же тил билүү деңгээлин аныктоочу негизги каражаттардын бири болуп саналат. Ошондой эле угуучу көнүгүү, субтест тапшырмаларын так аткаруусуна түздөн-түз таасирин тийгизет.

Угуп түшүнүү сабагында негизги материалдарды угуучуларга жеткирүүнүн ыгын билүү жана ага тиешелүү көнүгүүлөрдү туура аткарууга машыктыруу, баарлашуудагы угуу ишмердүүлүгүнүн механизмдерин үйрөтүү, сүйлөө чеберчилигине ээ болуу, дикция, жест, мимиканы кырдаалга жараша өзгөртө алууга көнүктүрүү түздөн-түз окутуучунун чыгармачылык-методикалык ишмердүүлүгү катары эсептелет.

Угуу учурунда текстти кабыл алуу жана түшүнүү – бул өтө татаал процесс. Текстти даярдоодо угуучунун көз карашы, курагын, тил билүү деңгээли, ой жүгүртүүсү, кабыл алуусу эске алынып, түшүнүү этаптарына (түшүнүү денгээли – сөздөрдү, сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү, тексттин жалпы мазмунун, тексттин деталдарын, эмоциялык-нарктагыч маалыматын, түрткү берүү – ниет маалыматын) бөлүп алуусу керек. Мындан сырткары, текстке чейинки иштерде жаңы сөздөрдү семантизациялоо, аларды кепте колдонууга багытталган муз жаргычтарды даярдоо зарыл.

**Негизги сөздөр:** угуп түшүнүү, сөз, текст, маалымат, кабыл алуу, тест, багыт берүү, ой жүртүү, кеп ишмердүүлүгү, өнүктүрүү, чечмелөө.

**Осмонова А.С.**
старший преподаватель
Ошский государственный университет
г. Ош
osmonovaaigul84@gmail.com

**Каразакова З.Ж.**
кандидат педагогических наук , доцент
Ошский государственный университет
г. Ош
zuvajdakarazakova@oshsu.kg
**Закирова Б.А.**
старший преподаватель
Ошский государственный университет
г. Ош
bzakirova@oshsu.kg

## МЕТОДИКА РАБОТЫ С АУДИРОВАННЫМИ МАТЕРИАЛАМИ ДЛЯ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ НА УРОВНЕ-СООТВЕТСТВИИ (уровень В2)

**Аннотация:** При аудировании содержание текста не должно быть незнакомым слушателю, а должно быть частично знакомым. Также практика аудирования оказывает прямое влияние на точность выполнения субтестовых заданий. Ведь в процессе аудирования текст является одним из основных средств обучения языку или определения уровня владения языком.

На уроке аудирования владение навыком донесения до слушателей основного материала и обучение их правильному выполнению соответствующих упражнений, обучение механизмам слуховой деятельности в общении, приобретение навыков говорения, привыкание к изменению дикции, жестов, мимики в зависимости от ситуации непосредственно рассматриваются как творческая и методическая деятельность учителя.

При аудировании восприятие и понимание текста –это очень сложный процесс. При подготовке текста учитываются точка зрения слушателя, возраст, уровень владения языком, мышление и восприятие, а также этапы понимания (уровень понимания - слова, словосочетания, предложения, общее содержание текста, детали текста, эмоционально-ценностная информация, мотивационно-намеренная информация) должны быть разделены. Кроме того, в предтекстовой работе необходимо семантизировать новые слова и подготовить ледоколы, направленные на их использование в речи.

**Ключевые слова:** аудирование, речь, текст, информация, прием, тест, ориентировка, мышление, речевая деятельность, развитие, интерпретация.

**Osmonova A.S.**
Senior Lecturer
Osh State University
Osh c.
osmonovaaigul84@gmail.com
**Karazakova Z.J.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Osh State University
Osh c.
zuvajdakarazakova@oshsu.kg
**Zakirova B.A.**
senior lecturer

Osh State University
Osh city
bzakirova@oshsu.kg

## METHODOLOGY OF WORKING WITH AUDITED MATERIALS FOR TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE AT THE CORRESPONDENCE LEVEL (B2 level)

**Abstract:** During listening comprehension, the content of the text should not be unfamiliar to the listener; rather, it should be partially familiar. In the process of listening, the text serves as one of the main means of language learning or determining language proficiency. Listening practice also directly influences the accuracy of subtest tasks.

Listening comprehension involves a complex process of perception and understanding of the text. When preparing the text, the listener's point of view, age, language proficiency level, thinking and perception, as well as stages of understanding (level of understanding - words, phrases, sentences, overall content of the text, details of the text, emotionally valuable information, motivation-intentional information) should be taken into account and distinguished. Additionally, in pre-text work, it is necessary to give meaning to new words and prepare icebreakers aimed at their use in speech.

**Keywords:** listening comprehension, speech, text, information, technique, test, orientation, thinking, speech activity, development, interpretation.

### 1. Киришүү

Кеп ишмердүүлүгүнө көнүктүрүүчү түрлөрдүн ар бирине иштелип чыккан илимий-теориялык негизи, психологиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрү, педагогикалык-методикалык, практикалык усул-ыкмалар бар. Ошолордун ичинде угуп түшүнүү түрү жана аны жүргүзүүнүн айрым методикалык ык-усулдары жөнүндө токтолобуз. Бул багытта түрк окумуштуулары М. Хенгирмен, Д.Г.Өзташбашы, Д.Аксан, Ө. Демирел, К. Чиленти. С. Алкан орус окумуштуулары Л.С.Выготский, И.А. Зимняя. А.А. Леонтьев, кыргыз окумуштуулары Ж.Чыманова. К. Добаев, С. Мусаев, С. Рысбаев, К. Биялиев ж.б. кайрылып, анын методикалык, дидактикалык уюштуруу ж. б. маселелерин илимий теориялык негизде чечмелөөгө өз салымдарын кошушкан. Окумуштуулардын угуп түшүнүү боюнча көз караштары бир жактуу эмес жана айрым маселелер боюнча айырмаланган өз мектептери, тармактары, үйрөтүү багыттары, ар тараптуу методикалык бүтүм-гипотезалары, көз караштары бар. Жогорудагы окумуштуулардын көз караштары түрдүү болгону менен түпкү максат-милдеттери угуп түшүнүүнүн ык-усулдарын, методикасын, иштөө аппаратын, техникалык каражаттарын жана технологиясын канткенде дагы заманбапташтырууга, өнүктүрүүгө, жакшыртууга болот деген илимий изденүү-толгонуулардан турат.

Методисттердин байкоосу боюнча, тексттерди кабыл алып, түшүнүү деңгээлдери бирдей эмес. Анткени угуучулардын тил билүү деңгээлдери, угуп түшүнүүсү, ой-жүгүртүүсү түрдүү болот. Угуу учурунда тексти кабыл алып жаткан адамдын курагына, билимине, жашоо чөйрөсүнө, жалпы маданий деңгээлине, ошол тема боюнча кабардар же кабардар эмес экендигине, ойлонуу жана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнө, ошол учурдагы психологиялык абалына жараша текст тандалат.

Андан тышкары тексттин өзгөчөлүктөрү: б. а. жанрдык бөтөнчөлүгү, тексттеги маалыматтуулуктун денгээли, логикалык-композициялык түзүлүшү, текст тилинин жеңил-

оордугу, үйрөнүүчүнүн жалпы тил билимине окулуп жаткан тексттин лексикасынын, грамматикасынын, стилинин тааныштыгы, текстте камтылган түшүнүк, терминдер системасынын татаал-жөнөкөйлүгү, контексттеги көмүскө подтекстин бар же жок болушу, тексттин абстрактуулук же конкреттүүлүк табияты ж.б. кырдаал, өзгөчөлүктөр үйрөнүүчүнүн кабыл алуу, түшүнүү процессине таасир этет.

2. **Изилдөөнүн материалдары жана методдору**

Угуп түшүнүүдө мындан кийинки этап текстти аудиторияга жеткирүү жана аны кабыл алуу. Ал эми негизги объектиси оозеки айтылып жаткан кеп кыска мөөнөттүүлүгү, кайталанбастыгы менен мүнөздөлөт. Текст магнитафондон же айтуучунун өзүнөн 2 гана жолу угузулат. 2 уктуруунун арасы 10 мүнөттөн турат. Мындан башка текстте кездешкен бейтааанышсөздөрдү семантизациялоо иши жүргүзүлөт. Ошол эле учурда угуучу маалыматтык адабияттарга, түшүндүрмө жана башка сөздүктөрдү өз алдынча пайдалануу аркылуу да түшүнөт.

Угуп түшүнүү сүйлөп жана угуп жаткан адамдардын бир максаттын тегерегиндеги баарлашуу процесси болгондуктан, ал процесстин ийгиликтүүлүгү көптөгөн факторлорго көз каранды. Алардын арасында сүйлөп жаткан адамдын сүйлөө дикциясы, кебинин темпи жана узактыгы, кебинин эмоция-экспрессивдүүлүгү, тексттин табиятына жараша жест-мимикасы, кыймыл-аракети, угуп жаткан адамдын тил өздөштүрүү деңгээли, угуу тажрыйбасы, эстеп калуу жөндөмдүүлүгүнүн өзгөчөлүгү, антиципация (сезүү, туюу.) жөндөмү же биринчи эле сөздөргө, сүйлөмдөргө таянып, кептин темасын, кийинки кептин багытын, божомолдоонун ыгын билүү менен машыгуулары, тексттин, айтымдын, сүйлөмдүн кайсы стилге таандык экендигин аңдай алуусу тексттин стилдик жана түрлүк өзгөчөлүгүндө каралат.

Текстти кабыл алууда тексттин көлөмүнө караганда анын маани-мазмунунун тереңдиги көбүрөөк роль ойнойт. Кепти угуп кабыл алуу – көп деңгээлдердүү процесс [10:17] Окумуштуулар аны 2 багытта аныкташат: биринчиси - кабыл алуу, таануу, түшүнүү деңгээлдери, экинчиси - фонемалык, морфемалык, сөз-фраза. Кабыл алуунун баштапкы деңгээли объектиси айрым сөз, сүйлөмдөрдөн тарта, абзацтар эсептелинсе, кийинки денгээлдерде алар улам жогорулап, бир нечелеген абзацтардан турган бүтүн тексттерден түзүлөт.

Угуп түшүнүүдө кандай тексттер үйрөтүүгө ыңгайлуу? Психолог-методисттер Н. М. Шанский, Т.С. Клименколор окулуучу жана графикалык (сүрөттүү) текстке караганда, угузулуп жаткан текстти кабыл алуу татаалыраак, анткени, биринчиден, кептин темпи, мазмунун түшүнүү сүйлөп жаткан адам аркылуу аныкталат, анын кеби бир-эки гана жолу кайталанат (кайрадан кайталана бербейт), ал эми окулган же графикалык материал үйрөнүүчүнүн көз алдында көп убакытка чейин созулуп турат.

Угууга лексикалык жана грамматикалык билимден сырткары **аң-сезимдүү угуу да кирет.** Адам баласынын угуу жөндөмдүүлүгүнүн аз же көп, толук же кем болушуна жараша кыргыз элинде илгертеден бери айтылып келген *кум кулак, таш кулак, куйма кулак, акма кулак, жапма кулак, сак кулак, уганаак* ж.б. деген атоолор бар.

Кыргыз билгилери боюнча угуп жаткан кепке карата кишинин аракетинен улам угуучуга төмөнкүдөй сын беришкен:

**1. Куйма кулак** – укканын уккандай эстеп калган киши [9, 83]. Кыргыздын элдик оозеки чыгармаларынын эпос, дастан баштаган бардык түрү, санжыра тарыхы, күүлөрү куйма кулактыктын негизинде ушул күнгө дейре уланып келди;

**2. Акма кулак** – айтканды жакшылап эле укса да, керек жерде унутуп коет. Укканы уккан жеринде кулагынан агып түшүп калат [8, 70].

**3. Таш кулак же кум кулак** – айтканды такыр укпаган, көңүл бурбаган, кулак сыртынан кетирген киши [9, 467].

Угуучулардын угуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жана өркүндөтүү үчүн ойлон, изден, тап ыкмасын карап көрөлү (жазуучу М. Байжиевдин “Бир кемпир” аңгемесинин негизинде).

**Эскертүү: 40 минуталык уктуруу үйгө тапшырма катары берилет.**

Сабакта алгач “wordwall” программасы менен жаңы сөздөр семантизацияланат. Бул прграмма менен окуу ресурстарыңызды түзүүнүн оңой жолу болуп, үйрөнүүчү үчүн кызыктуу болот. Үйрөнүүчүлөрүңүз үчүн крассворд, тесттерди, викториналарды, дал келүүлөрдү, сөз оюндары жана башкалар түзсөңүз болот.

Төмөндөгү *QR-код (*https://wordwall.net/resource/62872071*) шилтемеси менен телефон аркылуу киребиз, оң тараптагы окшоштуруу (совпадают) баскычын басып, берилген сөздөрдүн түшүндүрмөсүнө дал келтиребиз. Иштеп бүткөн соң, сиздин баллыңыз көрүнөт.*

Кийинки этапта тест менен иштөө методикасына токтолобуз.

Жазуучу М. Байжиевдин “Бир кемпир” аңгемесинин негизинде түзүлгөн тест гугл тест формасында иштетилет.

Угуу №4 тест.docx

1. Жан берүүнүн алдында жаткан, ... кемпир көптү ойлоп турду.
   а) бырышкан в) ажаан
   б) тырмактай г) байкуш
2. ... нандын жумшагын ... улам-улам салып олтурганын байкабай да калды.
   а) кыз, оозуна в) атасы, суугa
   б) таенеси, кесеге г) ал, туурап
3. “Карышкыр жебесе, жут болбосо деле санай береби?” - деп ким суроо берди?
   а) таенеси б) кызы

в) апасы г) атасы

4. Төрөп, өстүргөн баласын ... да талаага таштап кетпейт.
   а) кара карга в) жылан
   б) жүзү кара г) көчөгө

5. Күйөө баласы кайненеси үчүн ... болуп калды.
   а) жакыны в) чоочун
   б) баласы г) таянары

6. Апамдын өмүрү ... ... ... үчүн күрөшүү болду.
   а) жакшы-жаман күндөр в) согуштун жамандыгын унутуу
   б) балдардын курсагын тойгозуу г) мени тилдеп, жоготуу

7. Садагам кызым, сени эстегенде ... ... ... тамат.
   а) жүрөгүмдөн дайыма кан в) көздөрүмдөн дайыма жаш
   б) жаш ордуна кан г) уйкум качып, жаш

8. Кыска аңгемеде ..., ... жана ... маани жатат.
   а) күлкү, ый, бактылуулук
   б) жакшы, жаман, кенен
   в) эңсөөлөр, көксөөлөр, тарбиялык
   г) табылгыс, ыйык, терең

9. Эски сандыкта ... себи болуп, ... ... арналган болчу.
   а) кыздын, анын тоюна в) кемпирдин, ал көмүүгө
   б) небересинин, жаңы үйүнө г) кемпирдин, кара ашына

10. Молдолор дагы эмне деп таратышты дейт _______________
   а) мас кылбай турган ичимдикти ичип, кайгыны унутса болот деп
   б) намазды үзбөй окугула деди
   в) арак менен пивону арам дешти
   г) пиво мас кылчу ичимдикке жатпай, аны ичкен күнөөгө батпайт деп

Экинчи этапта уктуруу угузулуп, угуп түшүнүү деңгээли тест аркылуу текшерилет (жогорку деңгээлдерге мазмуну татаал, көлөмдүү, кесипке байланыштуу тексттер угузула баштайт).

**Египет пирамидалары**

Ар жыл сайын миллиондогон туристтер Египеттин Гиза аймагына атактуу пирамидаларды көрүш үчүн барат. Бул уникалдуу курулушту Снофру деген фараон алгачкылардан болуп түптөгөн жана ал Египетте пирамидаларды кантип куруу усул-ыкмаларын да биринчилерден болуп иштеп чыккан.

Тепкич-тепкич кылып курулган алгачкы пирамида Египеттин Саккара аймагында Джосер деген фараонго арналып жыйырма жыл бою тургузулган. Бул керемет курулушка куштарланган кичинекей Снофру “мен фараон болгондо мындан да сонун пирамида курдурам,” – деп кыялданат. Снофру Аристотель менен Платонго чейин эки жүз жыл мурда жашап өткөн. Бул кишинин учурундагы жүз жылдын ичинде алты пирамида курлуп бүткөн. Жез шаймандар менен тонналаган чулу таштар казылып алынып, ал кол менен тегизделген. Снофру пирамидалар миң жылдар бою сынынан кетпей тургандай, гениалдуу инженердик чечимди ойлоп тапкан. Окумуштуулар пирамидаларды кулдар эмес, бош эле адамдар курган деп айтышат. Снофру күчтүү, ден соолугу чың эркектерди тандап, аларды бекер иштетпей, казынадан акча бөлүп турган. Жайнаган келки таштарды талкалатпай жылмалатып, тегиздетип, геометриялык саресеп менен ыкташтырып бири-бирине кынатып чыккан. Ошондуктан айрым пирамидалар бүткөн бир зор таштарды оюп койгондой таасир калтырат. Фараон падышалык кылып турганда Египет эл аралык абройго жетип, башка өлкөлөр менен соода-сатык кызматташтыгы өнүккөн. Муну менен катар Снофру Синай жарым аралынан бирюза асыл

ташын казган. Бул иш анын атагын алыска тааныткан. Кымбат баалуу бирюза фараондун казынасын байытып, пирамидаларды курууга жакшы каражат болгон.

Египеттиктер адам өлгөндөн кийин кайра жаралат деп терең ишенишкен. Ошондуктан ушул дүйнөдө кызмат кылган адам тигил дүйнөгө барганда да ошол бойдон калсын деген ой менен мумия менен катырышкан.

Снофру падышалык кылып турганда анын аялы Снофру тарыхта тастыкталгандай көз жумат. Ошондо анын күмбөзүн уурулар тим коюшпай талкалап кетишкен. Муну көргөн фараон көзү тирүүсүндө өзүнө эч бир жан кире алгыстай кылып чеп пирамида салдырат.

Ал беш уулдуу болуптур. Алар атасынан калган пирамидаларды мурастап алышкан. Анкаф аттуу уулу атасын кем калбаган архитектор болгон. Анын агасы Хемиун атактуу Хеопс фараонунун вазири жана ошондой эле Гидзадагы атактуу пирамиданын автору болгон. Зирек акылы, инженердик туйгусу менен кайталангыс керемет жана архитектуралык курулуштарды жаратып, көздөгөн максатына жеткен [10, 35].

**1.Түңгуч пирамидаларды жараткан падыша кантип кыялданчу**
**а) укмуштуудай пирамидаларды курууну**
б) түбөлүктүү пирамидаларды курууну
в) соода-сатыкты өнүктүрүүнү
г) түбөлүктүү жашап калууну

**2. Аристотелден да мурун ... ... Снофру пирамидаларды архитектуралык ... жакшырышына ... сиңирген.**
а) Платон жана, өзгөчөлүктөрүн, мээнетин
**б) жашап өткөн, курулушунун, эмгегин**
в) пирамида салган, иштеринин, өмүрүн
г) жүз жыл жашаган, имараттын күчүн

**3. Анкафтын ... Хемиун ... жардамчысы, Гиза пирамидасынын ... экен**
а) уулу, анын жардамчысы, сүрөтчүсү
б) жакыны, аскеринин, кол башчысы
в) досу, вазиринин, башкаруучусу
**г) агасы, Хелос фараонунун, түзүүчүсү**

**4. Пирамиданы ... Снофру ... мыйдан ... курарын айткан.**
**а) курган, аларды, бириккен нык таштардан**
б) ойлоп тапкан, аны, асыл таштардан
в) түзүүчү, архитектор, бийик пирамида
г) жасаган, фараон, күмбөз

**5. Алар ... өлчөнүп, беттери ... жана кынтыксыз ... чыгарылган.**
а) тегиз, сүрөттөлүп, боёлуп
**б) бирдей, тегизделип, ыкташтырылып**
в) кесип, жылтыратылып, сатууга
г) ойлонуп, чарыкталып, иштөөгө

**6. Пирамидалар кандай кызмат аткарышкан, египеттиктер кандай ойлончу**
**а) көптөгөн саякатчыларды чакырган, адам өлүп, кайра тирилет**
б) соода-сатык борбору, прамидалардын кереги жок
в) фараондун табытын сактаган, пирамидалар урдалды
г) падышанын сарайы, баалуу таштарды уурулар урдады
**7. Бирюза асыл ташы жана фарондун аялынын күмбөзү жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилет.**
а) асыл таштардын сатылышы, аялынын сөөгүн мумия менен катырылышы
б) балуу таштан пирамиданын курулушу, аялынын күмбөзү баалуу таштан курулушу
в) фараон аялына белек кылышы, белек күмбөздө сакталышы
**г) фараондун казынасыны көбөйүшү, күмөздү талкалап кетилиши**
**8. Пирамидалардын мыкты жана түбөлүктүү болушу үчүн кандай ыкмалар ойлоп табылган.**
а) чулу таштар сындырылып, тез бүтүү үчүн бекерчилерди иштетүү

б) морт таштар иштетилип, мумия менен катырып чыгуу
**в) бышык таштар иштетилип, гениалдуу бүтүмдөр**
г) балуу таштарды сырдашып, кол менен бетин тегиздөө
**9.** Биринчи курулган пирамидалар кимге арналган?
**а) Джосерге**
б) Снофрута
в) Аристотелге
г) Анкафка
**10. Өлгөн адамдын сөөгүн мумия менен катырса, _______________**
**а) чын дүйнөгө ошол бойдон барат**
б) сөөктү сакталып калат
в) байлардын гана сөөгүн сакташат
г) фараондун аялы сулуу бойдон калат
**11. Атасы салдырган ... ... алышкан.**
а) чепти, буздуруп
б) имаратты, оңдоп
**в) пирамидаларды, мураска**
г) күмбөздү, мумиялап
**12. Снофру ажайып пирамиданы ... ...**
а) Гизадагы автору болгусу келген
**б) кургусу келген**
в) балдарына мурас калтыргысы келген
г) фараонго татуулаган
**13. Египеттин эл аралык .... көтөрүлүп, мамлекеттер менен ... өскөн.**
**а) кадыр-баркы, кызматаштыгы**
б) авторитети, сүйлөшүүлөрү
в) мамилелери, байланышуусу
г) абройго, туризм
**14. Аларды тиги дүйнөгө ... менен ... калтырышкан**
а) жөнөтүү, мурас
**б) мумия, катырып**
в) асыл таштар, күмөздө
г) узатуу, пирамидаларды
**15. Ага жумушка чыдамдуу ... .... алышып, ... берип турушкан.**
а) аялдарды ишке, асыл таштарды
б) кулдарды жардамга, тамактарды
**в) эрктүү эркектерди, акча**
г) бекерчилерди, нан, чай

**16. Фараон күмбөзүн ... ...**
**а) пирамидалардан курдурган**
б) асыл таштардан салдырган
в) алтындан сырдаткан
г) талкалатып жиберишкен.
**17. ... ээндүүлүгү, кайталангыс ... курулуштарды жаратып, ойлогон оюна жеткен.**
а) Атасы, ажайып
б) Анкаф, башкача
**в) Хемиун, кооз**
г) Снофру, имараттарды
**18. Синай ... ... ... алынып, бул иши аны ... ... .**
а) жанынан алтын казылып, байытып жиберген
**б) аралынан бирюза ташы казылып, атак-даңкка жеткизген**
в) аралынан көптөгөн таштар, пирамида салдырууга кызыктырган
г) боюнан чулу таштар казылып, фараон болушуна себепчи болду
**19. Чулу таш ... ... казылып алынып, ... пирамидалар курулган.**
а) чум менен, ажайып
**б) кол менен, миң жылдык**
в) Синайдын жанынан, өзгөчө
г) Египет жеринде, бийик
**20. Алгачкы пирамида ... ... тургузулган.**
а) фараондун баласына
**б) жыйырма жылда**
в) миң жылдап
г) асыл таштан

**Жыйынтыктоо:** Мына ушул сыяктуу сюжетүү тексттерди, монолог, диалогдорду ж.б. угузуу кыргыз тилин тутумдук-деңгээлде үйрөтүүдө өз үзүрүн берет деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**


1. Акматов Б.М., Мукамбетов А.С. (2010) Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы. 1-китеп. – Бишкек. – 257 б
2. Акматов Б.М., Мукамбетов А.С. (2010) Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы. 2-китеп. – Бишкек. – 284 б
3. Стил Д. Мередис К. Темил Ч. (1998) Обучение сообща. Пособие 5-Бишкек, Фонд “Сорос Кыргызстан”. – Бишкек.
4. Назаров М.Н. (1996) Окутуунун традициялуу эмес ык-усулдары Эл агартуу. №7-8
5. Калдыбаев С.К. (1996) Тест методикасынын проблемалары. Эл агартуу. № 5-6
6. Добаев.К. (1990) Инновациялык изденүүлөр жана изилдөөлөр. Эл агаргуу. № 5-6
7. Рысбаев С.К. (2012) Деңгээлдик билим берүү технологиялары. – Бишкек.
8. Кыргыз тилинин сөздүгү. (2011) Биринчи бөлүк. – Б.: “AVRASYA JAYINCILIK. 1-том. Б. – 800 б.
9. Кыргыз тилинин сөздүгү. (2011) экинчи бөлүк. – Б.: “AVRASYA JAYINCILIK. 1-том. Б., 2011. – 800 б.
10. Кыргыз-Түрк “Манас” университетиндеги кыргыз тилин окутуунун жаңыча усул-ыкмалары. Б.: 2006 – 280 б
11. Үсеналиев Т. (2004) Кыргыз тилин чет тили катары окутуп-үйрөтүүдө интерактивдүү усул ыкмаларды колдонуунун алгылыктуу жактары жөнүндө. Эл агартуу. № 1-2


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Раимбердиева З.С.**